# КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН АФГАНИСТАНДЫН ДИПЛОМАТИЯЛЫК КЫЗМАТТАШУУСУНДА МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕЛЕРДИН МААНИСИ

**МУХАММЕД ИСМАИЛ КАЮМОГЛИ**

*К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети*
**УДК 327.82**

***Аннотация:*** *Кыргызстан жана Афганистан стратегиялык жактан маанилуу, транзиттик өлкө болгондугу эл аралык өлкөлөр жана курулуштардын негизги багыты болуп эсептелет.Эки жана аймактык өлкөлөр ортасында улуттук кызыкчылык, экономика, соода-сатык жана тышкы саясаты учун бир- бири менен байланышта болошу күтүлгөн. Афганистан ар дайым аймактык коопсузлук үчун тероризм, наркотик өндүрүү жана контробандага каршы корошушго ШОС саяктуу уюмдар мененбекитилген макулдашууларга ылайык аракет кылууда.*

***Аннотация:*** *Так как Кыргызстан и Афганистан имеют стратегическую и транзитную важность, являются основными источниками внимания других стран. Между двух стран есть национальные интересы в экономике, торговле и во внешней политике. Афганистан в целях региональной безопасности в борьбе с терроризмом, наркотрафиком и контрабандой старается сотрудничать с такими организациями как ШОС по закрепленным ими договоренностями.*

***Abstract:*** *Kyrgyzstan and Afghanistan have a strategic and transit importance, are the main sources of attention in level international organizations and countries. Two countries between each other have national interests in economics, trade and foreign policy. Afghanistan for regional security in the fight against terrorism, drug trafficking and smuggling of trying to work with organizations such as the SCO secured their agreement.*

I. Афганистан 2001-жылындан кийин үзгүлдүксүз тынчтык жана өсүү үчүн аймактагы өлкөлөрдүн өз ара алакаларына муктаж калды. Афганистан гео-политики жактан манилүүлүгүн терең тушунугүү менен аймакдагы өлкөлөр, өзгөчө Кыргызстан республикасы саяктуу коңшу өлкөлөр менен алака жолун жургузуну каалады. Коңшу өлкөлөргө Афганистан тараптан туранып келе турган корку жана кооптонуу туралуу алдынала иш-аракет жургузулгон. Афганистан ар дайым аймактык коопсузлук үчун тероризм, наркотик өндүрүү жана котробандага каршы корошушго ШОС саяктуу уюмдар мененбекитилген макулдашууларга ылайык аракет кылууда.

2002-жылдын 22- декабрында Афганистандын борбору Кабул шаарында “коншу мамлекеттер” (Афганистан, Кытай, Иран, Пакистан, Таджикистан жана Озбекстандын) өлкө башчылары коопсуздук, экономикалык жана соода сыяктуу биргелешип иштешуудо өтө тыгыз, мисалга, «Жакшы кошуналык мамиле» аттуу бул мамлекеттердин соода сатык экспорт жана капитал кошуу сымал тармактарда биргелешип иштешууго кол коюшкан. Өлкө башчылары дагы бир ирет өз өлкөлөрүнүн милдети катары эки тараптык мамилеге негизделген территорияны сактоодогу сый урмат, эки тараптык достук мамиле урмат сый, кызматташтык, жана бири- биринин ички иштерине кийлигишпоого кол алышты.

Өткөн 14 жылдан кийин Афганистандын тышкы саясаты; тынчтык, коопсуздукту сактоо жана буткул дүйнө өлкөлөрүнүн көз карандысыздыгына жана бүтүндүгүнө урмат-сыйда[1] болуга талкуулаган. Афганистан Ислам Республикасы менен Кыргызстан республикасынын география, тарых, маданият жана динийбир экендиги маалым. (Кыгызстан келалат бир тасердүү жардамчы өлкө катары Афганистандын ички жана тышкы маселелеринин чечиминде өз пайыны алса.) Ошондуктун Афганистандын өзгөчө

---

[1]Эспанта, Рангин Дадфар, **“**XXI. Кылымда Афганистан тышкы саясаты**”**, Афган Меслакдашуу басмаканасы, Кабул, 2009, Б.72.

аймактыкмаселе жана коопсузлугуүчүн  эл аралык жыйналыш жана конферанцияларды жургузудө аймактык өлкөлөрдүн бир максады болошу зарыл.

Кыргызстан жана Афганистан өлкөлөрү ортосунда мамилелердин орноштүүрү жана күчтөштүүрү азыркы учурда аймактык проблемелерды чечуу үчүн зарыл.Кыргыз жана Афган калктары өтмүштө бири-бири менен дост же бир туган болгондору 1916-жылкы Орус императорунун Борбордук Азиядагы элдерди аскерге басып алуу боюнча  жарлыгы, кыргыздардын башка Борбордук Азия өлкөлөрүнүн элдери менен бирге 1917-жылы Ражманкул Хан баш болуп кыргыздарды арачалап Афганистанга көчүшү[2]эки калктын бир туган болгонуну билдирет. Афган калкынын аларга бир мусулман- бир туган катары кош келдиңиздер дигендери дагы эки өлкө калктарынын ортосундо эскиден мамилелерынын жакшы болгондугуну аныктайт. Ражманкул Хан Барган жериндеги өлкө башчыларына жол таап кирип, өз элин ар кандай кыйынчылыктардан коргоп калууга жетишкен. Рахманкул Хан биринчи жол Кыргыз жана Афган элдеры ортосондо байланышге себебкерчи болгон бир дипломат.

Кыргызстан жана Афганистан орток дин, маданият жана салттарына ээ болуп, эзелки тарыхый мамилелери бар болгон эки өлкө. Бул өлкөлөр ортосунда мамилелердин өнүктүрүү жана өркүндөтү азыркы учурда аймактык проблемелерды чечуу үчүн талаб кылынат. Бирубата бири-бири менен душман өлкөлөр бүгүн бир нукта биримдикте кызматташып жатышат. Негизинде тышкы саясат да ушундай саяктуу: өкмөттө болуп жаткан жакшы жалындан, пайда алып келе турган бир саясат алып чыгуу. Өлкөлөрдун бир-бирлери менен мамилелери, саясаттын  бүткүл дүйнөлук масштабда көрүшгө жардам берет.[3]

Кыргызстан жана Афганистан стратегиялык жактан маанилуу, транзиттик өлкө болгондугу эл аралык өлкөлөр жана курулуштардын негизги багыты болуп эсептелет.Жалпы алганда, эки жана аймактык өлкөлөр ортасында улуттук кызыкчылык, экономика, соода-сатык жана башка өлкөлөрдө жашоогу жарандарынын коргоо же натижада  тышкы саясаты учун бир-бири менен байланышта болошу күтүлгөн. Кыргыз жана Афган республикаларынын арасында терең саясый байланыштарына аймактык уюмдардынөз тасири болгон.

**II.Кыргызстан жана Афганистан мемлекеттеринин расмий түрдө байланыштарынын түзүлүшүнө, Аймактык Уюмдардын манилүүгу:**

**Борбордук Азия өлкөлөрүнүн Экономикалык Кызматташтык Уюму (ЭКУ):**Экономикалык кызматташтык уюму 1985-жылы Иран**,** Түркия, Пакистан тарабынан экономикалык, техникалык жана маданиймамилелерди өнүктүрүү үчүн түзүлгөн. 7 жылдан кийин Афганистан, Казахстан, Кыргызстан, Өзбекистан, Түркменистан, Таджикистан жана Азербайджан Республикалары ЭКУга кошулуп катышуучулардын саны 10 го жетти. Уюмдун максаты бул өлкөлөр арасында экономикалык, техникалык, маданий кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган. ЭКУ өлкөлөрүнүн географиялык, маданий, тарыхый жана диний көз караштa көп окшоштуктары бар.[4] Бул уюмга азыркы учурда ири өнөр жай, нефть жана газ мүмкүнчүлүктөрүнө ээ, 330 млн ашуун калкы, 8.620.697 км чарчы аянты  бар 10 өлкө кирет.[5]

2010- жылы ушул уюмдун алкагында Кыргыз Республикасынын өткөөл мезгилдеги Президенти Роза Отунбаева Афганистандын экс-президенти Хамид Карзай менен жолугушту. Афганистан менен энергетика тармакта кызматташтыкты өнүктүрүүгө даяр экенин айтты. Эки тарап тең эки өлкөнүн  мамилелеринин өнүктүрүү тууралуу макулдашты. Кыргыз Республикасынын өткөөл мезгилдеги Президенти Кыргыз Республикасынын Кабул шаарында элчилигин(дипломатиялык өкүлчүлүк) ачуу жана

[2]http://kyrgyzkabar.kg/news/11554, 20.11.2014.

[3]Бериш Х. Э., **“Саясат Билими”**, Анадолу университнти”, басма № 2671, Эски шаар, Б. 205.

[4]http://www.bbc.co.uk/persian/iran/2013/11/131126_l12_eco_iran_rouhani_zarif, 26.11.2013.

[5]http://fa.wikipedia.org/wiki, 15.09.2014.

Афганистан менен ар түртүү тармактарда мамилелерди өнүктүрүү тилегин жарыялады.[6] Эки өлкөнүн жетекчилери Иран- Афганистан- Таджикистан- Кыргызстан- Кытай темир жол долбооруна байланыштуу маселелерди талкуулашты. Алардын ою боюнча бул долбоордун иш жүзүнө ашырылуусу аймактагы элдердин тынчтык жана бейпилдик маселеси жагынан маанилүү, ошондуктан анын аткарылышы үчүн активдүү катыша тургандыгын билдиришти. Бул 12- Декабрь 2014 беш өлкө өкүлдөрү тарабындан Душанбе шаарында кол коюшту.[7]

**«Азиянын жүрөгү» конференциясы (Стамбул процесси):** 2010-жылдын 26-январында Стамбул процесси (Азиянын Жүрөгү) Реджеп Тайип Эрдогандын Туркиянын президентинин инициативасы менен Стамбул шаарында: Өкмөт башчылар жана өкмөттүн бийик даражалуу мучолору дуйнолук жана региондук уюмдардын катышуусунда баары бир добуш менен Афганистан Азиянын жүрөгү жана азыркы убакта жана келечекте дагы болунбостон кала бермекчи деп кошуна мамлекеттер менен дайындалганын айтышты. Афганистан жана коншу мамлекеттер байыркы узун тарыхы жана элдеринин окшош маданияты ошондой эле тилдери дагы бири-бири менен терең байланышта. Элинин санын коптугу, терен маданияты, кучтуу экономикалык фактору, биздин арабызда ото кенири. Биздин алдыбызда бетме-бет турган коркунучтар жана чакырыктар дагы биздин жалпы маселебиз болуп саналат.

Бул процессте Афганистан, Азербайджан, Кытай, Индия, Иран, Казахстан, Кыргызстан, Пакистан, Орусия, Сауд Арабия, Таджикистан, Түркия, Түркменистан и БАЭ өңдүү Борбордук Азиянын, Жакынкы жана Ыраакы Чыгыштын, Түштүк-Чыгыш Азиянын өлкөлөрүнүн тышкы иштер министрлери катышты. Бул процессте Афганистандагы коопсуздук жана туруктуулук үчүн аймактык кызматташтык суроолору талкууланды.[8] Процесстин алкагында Афганистан жана Кыргызстандын жетекчилери Афганистан жана бүт аймактаги маселелер боюнча жолугушууларды жанан сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатышат. Бул болсо, аймактагы өлкөлөрдүн Афганистан жана бутун аймактагы тынчтык жана туруктуулук маселелеринде бири-бирини колдорун билдирет.

Афганистандын азыркы президенти Мохаммад Ашраф Гани 31 –октябрь 2014- жылы КЭР нын борбору Пекинде болуп өткөн “Азиянын жүрөгү” (Стамбул процесси) аттуу тышкы иштер министрлердин төртүнчү конференциясынын ачылуу аземиндеги сөзүндө “Тынчтык биз үчүн эң маанилүү приоритет. Биз саясий оппоненттерибизди, өзгөчө талибдерди, афгандар менен диалогко кирүүгө чакырабыз, эл аралык өнөктөштөрүбүздү афгандардын тынчтык процесстерин колдоону өтүнөбүз… Афганистан эл аралык коомдордон «кайыр-садага» сурабайт, афгандардын өлкөнү куру аракетинде гана колдоо көрсөтүүнү сурайт… Биз Афганистандан терроризм жанан бангизат трафигин башка өлкөлөргө каршы колдонууга жол бербейбиз жана коңшу өлкөлөрдөн бул өлкөдө тынчтыкка жетүүгө чын дили менен жардам берүүнү өтүнөбүз...”, деди.

**ШОСун отуруму жана Афганистандын конок катары катышуусу:** ШКУ-бул Кытай, Орусия, Казакстан, Кыргызстан, Таджикистан жана Өзбекстан негизги мүчөлөрү болгон мамлекеттер аралык уюм. 2001- жылдын 15- июнунда Шанхайда чогулган беш мамлекеттин лидери «Терроризм, сепаратизм жана радикал диний агымдарга каршы бирдиктуу курошуу» Шанхай келишимине кол коюушту.

Мындан тышкары 2012-жылы байкоочу өлкөлөр катары Монголия, Иран, Пакистан, Индия жана Афганистан кошулушту. Негизинен, бул уюмдун маанилүү маселелери Борбордук Азиядагы коопсуздук, өзгөчө, терроризм, экстремизм, сепаратизм, катышуучу өлкөлөрдүн чек арада бангизаттын мыйзамсыз жүгүртүүлүсү каршы болуп саналат.

---

[6] http://www.pesarlay.com/index.php/analysis/2-2009-02-23-12-53-34/226-1389-10-08-05-56-02.html,28.06.2010.

[7] Иран- Афганистан- Таджикистан-Кыргызстан- Кытай өкүмөт өкүлдөрү темир жол долбooруна кол кайышты,дүшанбе шаары,http://www.paytakhtpress.ir/fa/doc/news/2923/, 12.12.2014.

[8] Арзуу А., **“Афганистан жана Дүйнө Жамаасы”,** Афганистан Тышкы Иштер Министирлиги, Шабир Басмаканасы- Кабул, 2010, Б. 180, 229, 236, 274.

Афганистандын экс-президенти Хамид Карзай чоӊ мансаптагы делегациялардын башчылыгында 13–сентябрь 2013- жылы Бишкек шаарында өткөрүлгөн ШКУ нун өлкө башчыларынын жылдык отурумуна катышты. Отурумдагы сөзүндө; «Биз Афганистандын Шанхай Кызматташтык Уюму менен мамилелерин мындан нары да чыӊдоого милдеттүүбүз жана тынчтыкты, коопсуздукту жана берекелүү турмушту камсыз кылуу үчүн бул уюмдун бардык катышуучу өлкөлөрү менен конструктивдүү кызматташтыкты башташыбыз керек деп жарыялады. Бул аймакта террорезим жана экстремизм менен күрөш биздин жалпы жоопкерчилигибиз экенин түшүнүшүбүз керек».[9] Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев саммиттин башталарын алдында Афганистан Ислам Республикасынын Президенти Хамид Карзай менен жолугушуда аймактык коопсуздук жана Афганистан менен кызматташтык маселелери талкуулап[10]Афганистан менен ар тараптуу байланыштарды кеӊгейтүү жана кара жолдор аймактагы өлкөлөрдү бириктүүрүдө жана соода-экономикалык байланыштарды кеӊейтүүдө мааниси чоӊ экендигин кошо айта кетти.[11]

Аймактык уюмдардын, аймактык проблемелердин чечүүжана бирдуктуу саясат жургузу учун аймактыкөлкөлөрдүн бири-бири менен жакындашуусу мүмкүн болган.Ошрндой эле, 6- Октябрь 2002 жылы Кыргыз Республикасынын Вице-премьер-министри жана тышкы соода жана өнөр-жай министри А.Сулайманов баштаган делегациялар Кабулга болгон иш сапарында Афганистан Президенти Хамид Карзай, тышкы иштер, соода, байланыш министрлери менен жолугушуулар болуп, Афганистан менен Кыргызстандын өз ара түшүнүшүү жана экономикалык кызматташтык жөнүндө меморандумга эки мамлекеттин бир-бирине өкүлчүлүктөрүн ачуу жөнүндө келишимге кол коюлган. 2003- жылы Бишкекте Афганистандын элчилиги ачылып, Афганистандын Кыргызстандагы алгачкы элчиси катары Абдуль Кадыр Дустам иштей баштаган. 2007- жылы Бишкектеги Афганистан элчилиги убактылуу токтотулган. Бул жылдары Кыргызстан менен Афганистандын дипломатиялык байланыштары Афганистандын Казакстандагы дипломатиялык өкүлчүлүгү аркылуу жүргүзүлүп келген.4 жылдай Афганистан элчилиги өзүнүн ишмердүүлүгүнү токтоткондон кийин, 2011- жылы Нур Мохаммад Каркин Кыргыз Республикасынын борбору Бишкекке Афганистандын атайын жана толук ыйгарымдуу элчиси катары келди.[12]

17- февраль 2014- жылы Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министри Эрлан Абдылдаев өзүнүн Афганистанга болгон расмий иш сапарында Кабулду зыярат кылып, Афганистандын экс-президенти Хамид Карзай жана Тышкы Иштер Министри Зарор Ахмад Османи менен жолукту. Бул жолугушууда эки өлкөнүн экономикалык мамилелеринин бекемделиши жана жалпы мамилелердин кеӊейүүсүнү белгилей кетти[13] жана эки тараптуу бир топ келишимдерге кол кайылышты .[14]

Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министрлигинин пресс-катчысы корреспонденттерге берген маалыматы боюнча Кыргыз Республикасынын Тышкы Иштер Министри Эрлан Абдылдаев эки тараптуу сүйлөшүлөрдө эки өлкөнүн жалпы тарыхый жана маданий тамырлары жөнүндө сүйлөшкөндүгүн жана Кыргыз Республикасы ар дайым Афганистан өкмөтүнүн туруктуу өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүгө жана анда жашаган бардык этностор менен кызматташтыкта болуп жана колдоорун билдирген.[15]

---

[9] http://president.gov.af/fa/news/president-hamid-karzais-statement-in-the-13th-summit-of-the-council-of-heads-of-the-shanghai-cooperation-organization-sco, Бишкек шаары, Хамид Карзай суйлуюшу, 13.09.2013.

[10] http://da.azadiradio.org/archive/news/20130911/1090/1090.html?id=25104570, 13.09.2013

[11] http://www.bokhdinews.af/political/, 12.02.2013.

[12] http://www.afdiplomacy.af/world/811.html#.VEJtLiKsW58, “Афгандипломатиясы”, No.: 811, 10.07.2012.

[13] Афганистан тышкы иштер министирлиги, http://mfa.gov.af/fa/news/news-36, 16,02,2014.

[14] http://farsi.ru/doc/8468.html, 18.02.2014.

[15] http://kabar.kg/tur/politics/full/6926, 17,02,2014.

Кыргызстан менен Афганистан мамлекеттери ортосунда саясий мамилелерди бекемдөө жана дипломатиялык негизде элчиликтердин ачылуусу эки өлкө тарабынан да эң керектүү болуп эсептелинет. (2003 жылында Афганистан элчилигинин Кыргыз мамлекетинде ачылуусу жана Кыргыз мамлекетинин дагы Афганистанда 2014-жылында элчилигинин ачылуусу мисал катары карасак болот). Эки өлкө ортосунда ар кандай мемарандумдарды кабыл алуу жана маанилүү багытта доктриндерди дагы маселелерди чечүү менен бирге эки өлкөнүн өкмөттөрү тарабынан жүргүзүлөт.

Эки өлкө ортосунда курулган дипломатиялык байланыштардын негизинде элчиликтердин ачылуусу да чоң түрткү болуп саналат. Кыргызстандын улуттук стратегиялык ишкердик боюнча адиси Өмералиев Уланбатырдын айтканындай “Кыргызстандын Кабыл шаарында дипломатиялык элчилик борборунун ачылышы эки өлкөнүн мындан аркы саясий ишмердилүүгүнө чоң күч берет жана Афганистандын коопсуздугу бүткүл Орто Азия үчүн да өтө чоң мааниге ээ болуп саналат”.

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин жана азыркы учурдагы эл аралык мамилелер аренасында реалист көз караштагы боюнча эл аралык системада эн негизги жалгыз гана фактор мамлекет болуп саналат. Ушул багытта алып караганда эки өлкөнүн өкмөттөрү тарабынан курулган мамилелердин кайрадан башталышы, мамилелердин ааламдашуу учурунда кайрадан бир терезеден кароо, келечекте жакшы иштердин башталышынын негизи болуп саналат.

Бактыга жараша, азыркы убакта студенттердин, лекция окуу үчүн окутуучулардын алмашуусу, маданий коомдордун түзүлүшү, эки өлкөнүн достук ассоциациялары, парламенттер аралык байланыштардын өнүгүшү, Афган студенттеринин Кыргызстанда билим алышы, эки өлкө ортосунда чыгармачылык коллективдердин концерттеринин жана достук спорт мелдештердин өткөрүлүшү сыяктуу жагымдуу мүмкүнчүлүктөр түзүлүп жатат.[16]

Афганистан жана Кыргызстан элдери жалпы маданияты бар бир тууган калк болуп эсептелинет. Ошондой эле Афганистан эли Кыргызстандын ар дайым гүлдөп жана туруктуу дүйнөдө жашашын каалайт. Афганистан эли келечекте да бир тууган, боордош Кыргызстан калкы менен бирге болот. Азыркы учурда эки өлкө ортосунда жакшы карым – каатнаш мамилелер бар. Келечекте эки өлкө арасында эффективдүү жана достукка жана кызматташтыктын негизинде түзүлгөн мамилелер эки калктын тарых жана маданиятын өнүктүргөн барактар ачарына үмүттөнөбүз.

**Жыйынтык**

Кыргызстан менен Афганистан мамлекеттери көп тарабынан бир бирине окшоштуктары менен билинет. Ошондон тартып, мындан кийин эки өлкө аймактык өлкө катары расмий түрдө аймактык проблемаладын чечүү максатында байланыштардын кеңейтүүсүн каалайт. Ошону менен бирге акыркы жылдары XXI. кылым Чыгыштын кылымы[17] болгонуна карата байланыштар жеке жана мамлекеттик денгээлде болуп жатганы бул да болсо байланыштардын бекем болуусуна жардам берип келет.

Афганистан, Кыргызстанга жана анын калкына урмат-сый менен мамиле кылат. Афганистан эли тарыхый маданияттын мураскерлери болуп саналат, бирок тилекке каршы тышкы кийгилишүүлөрдүн натыйжасынан акыркы 35 жылга созулган жарандык согуштар Афганистандын атын жана затын дүйнөлүк коомго башкача сүрөттөдү.

Баса белгилей кетчү нерсе, Бишкекте Афганистандын элчилиги жана Кабулда Кыргызстандын элчилиги ачылгандан кийин коопсуздук, баңги заттардын мыйзамсыз алмашуусуна каршы күрөш, транзит, кеңештик жана дипломатиялык кызматташтык, жаратылыш катаклизимдери жана өзгөчө кырдаалдар менен күрөшүүнү камтыган көптөгөн макулдашууларды, келишимдерди түзүү процесси башталды.

[16]http://kabar.kg/tur/politics/full/6926, 15.12.2014.

[17]Исаев К., Сейитбаев Б., Саясый элите: коомдугу бедели, социологиясы, -Бишкек,2014, Б. 294.

Бүгүн, Афганистандын эли согуштан тажады, өлкөдө тынчтык жана түрүктүүлүк болушун каалайт. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк коомдо Афганистан өзүнүн ордун тапты. Ошондой эле, Афганистандын,бүткүл өлкөлөр менен милдети катары эки тараптык мамилеге негизделген территорияны сактоодогу сый урмат, эки тараптык достук мамиле урмат сый, кызматташтык, жана бири-биринин ички иштерине кийлигишпоого кол алышып, желеги бардык дүйнөдө желбиреп жатат.

**Адабияттар:**


1. Арзуу А., "Афганистан жана Дүйнө Жамаасы", Афганистан Тышкы Иштер Министирлиги, Шабир басмаканасы- Кабул, 2010.
2. Афганистан тышкы иштер министирлиги, http://mfa.gov.af/fa/news/news-36, 16,02,2014.
3. Бериш Х. Э., "Саясат илими", Анадолу университети, басын № 2671, Эски шаар.
4. Эспанта, Рангин Дадфар, "XXI. Кылымда Афганистан тышкы саясаты", Афган Маслеки басмаканасы, Кабул, 2009.
5. Исаев К., Сейитбаев Б., "Саясый элите: коомдугу бедели, социологиясы", -Бишкек,2014.
6. Хамид Карзайдын ШОС чогулуушундагы сүйлөшү, Бишкек, http://president.gov.af/fa/news/president-hamid-karzais-statement-in-the-13th-summit-of-the-council-of-heads-of-the-shanghai-cooperation-organization-sco, 13.09.2013.
7. Иран- Афганистан- Тажикистан- Кыргызстан- Кытай өкмөт өкүлдөрүтемир жол долбооруна кол койушуу,Дүшанбе шаары,http://www.paytakhtpress.ir/fa/doc/news/2923/, 12.12.2014.
8. Эларалык мамилелердин актерлору,http://tr.wikipedia.org/wiki/, 23.02.2015.
9. http://www.bbc.co.uk/persian/iran/2013/11/131126_l12_eco_iran_rouhani_zarif, 26.11.2013.
10. http://fa.wikipedia.org/wiki, 15.09.2014.
11. http://www.pesarlay.com/index.php/analysis/2-2009-02-23-12-53-34/226-1389-10-08-05-56-02.html,28.06.2010.
12. http://da.azadiradio.org/archive/news/20130911/1090/1090.html?id=25104570, 13.09.2013
13. http://www.bokhdinews.af/political/, 12.02.2013.